ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын **№2 протоколу**

*03-октябрь, 2023-жыл.*

*Төрага:* А.М. Токторбаев
*Катчы:* Ж.Э. Токтомуратова
*Катышкандар*: Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:*

1. Ар бир дициплиналар боюнча ОМКларды бекитүү, аларды ОшМУ мугалим жана АВН системасына киргизүү;
2. ИСТ жана ИВТ адистиктери боюнча жаңы мамлекеттик стандарттын компетенцияларын талкуулоо;
3. НББПнын ОНдору үчүн БКФти иштеп чыгуучу жумушчу топ түзүү, анын ишин пландаштыруу, жетектөө;
4. Ар түрдүү маселелер.

**1-маселе**

**Угулду**: *А. Токторбаев (ИСП кафедрасынын доценти,кафедра башчысы):* 2023-2024-окуу жылы үчүн кафедранын окутуучулары пландаштырылган дисциплиналар боюнча жумушчу программаларды жана силлабустарды түзүп башташты. ОМК, силлабустарды күндүзгү, сырттан жана магистратура бөлүмдөрү боюнча кафедранын окутуучулары тарабынан түзүлдү. Алар факультеттин методикалык кеңешинин төрайымыны тарабынан текшерилип, тааныштырылды жана “ОшМУ мугалим”, АВН системаларына өз убагында киргизилсин.

Кеңешме коюлган маселени талкуулап, **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2023-2024-окуу жылы үчүн кафедрадагы окутуучулардын силлабустары жана жумушчу программалары бекитилсин.

**2-маселе**

**Угулду:** *А. Токторбаев (ИСП кафедрасынын доценти,кафедра башчысы):* 2023-2024-окуу жылы үчүн кафедранын ИСТ жана ИВТ адистиктери боюнча жаңы мамлекеттик стандарттын компетенциялары менен таанышып, ошонун негизинде иш алып баруу керек.

Кеңешме коюлган маселени талкуулап, **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2023-2024-окуу жылы үчүн кафедранын ар бир мүчөсү ИСТ жана ИВТ адистиктери боюнча жаңы мамлекеттик стандарттын компетенциялары менен таанышсын.

**3-маселе**

**Угулду:** *А. Токторбаев (ИСП кафедрасынын доценти,кафедра башчысы):* НББПнын ОНдору үчүн БКФти иштеп чыгуу үчүн төмөнкүдөй жумушчу топтор түзүлдү:

**710100 Информатика жана эсептөө техникасы (бакалавр)**

1. Айтбай кызы Айгүл - п.и.к., доцент - программа жетекчи
2. Тажикбаева Сонайым Тойгонбаевна – улук окутуучу
3. Төлөбаева Кылымкан Абдрахмановна – улук окутуучу
4. Абдирайимова Назигай Абдинабиевна – улук окутуучу
5. Мурзакматова Зияда Жумабаевна – окутуучу
6. Пакал уулу Долонбек – окутуучу

**710200 "Информациялык системалар жана технологиялар" (бакалавр)**

1. Токторбаев Айбек Мамадалиевич - кафедра башчы, ф.-м.и.к., доцент программа жетекчи
2. Омаралиева Гулбайра Абдималиковна – улук окутуучу
3. Орозбаев Азамат Мамасадыкович – окутуучу
4. Абдумиталип уулу Кубатбек – улук окутуучу
5. Маматова Венера Токтобаевна– окутуучу
6. Сатибай уулу Бектурсун – окутуучу
7. Карабаев Самат Эшполотович – окутуучу

**710200 "Информациялык системалар жана технологиялар" (магистратура)**

1. Көчкөнбаева Бүажар Осмоналиевна - т.и.к., доцент программа жетекчи
2. Сопуев Адахимжан Сопуевич ф.-м.и.д., профессор
3. Сактанов Улукбек Абдисаматович - ф.-м.и.к., доцент
4. Абдугулова Гульжан Садырбековна – улук окутуучу
5. Маткалык кызы Кымбат – окутуучу

Кеңешме коюлган маселени талкуулап, **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

НББПнын ОНдору үчүн БКФти иштеп чыгуу үчүн жумушчу топтор түзүлсүн жана анын ишин пландаштыруу, жетектөө кафедра башчысына жүктөлсүн.

**Ар түрдүү маселелер**

**1)** ИСП кафедрасынын доценти Н.К. Аркабаев жана авторлоштор И.Б. Кошмурзаев, К.А. Урайымов, А.З. Пирматовдор тарабынан иштелип чыккан "Информатика боюнча олимпиадалык маселелер чечимдери" аттуу китебин басмага сунуштоо.

**Угулду:** *А. Токторбаев (ИСП кафедрасынын доценти,кафедра башчысы):* Бул китеп ИСП кафедрасынын доценти Н.К. Аркабаев жана авторлоштор И.Б. Кошмурзаев, К.А. Урайымов, А.З. Пирматовдор тарабынан даярдалган. Бул китепте мектеп окуучулары үчүн информатика предмети боюнча республикалык олимпиаданын экинчи, үчүнчү жана төртүнчү этаптарында берилген маселелер жана алардын c++, python программалоо тилдериндеги чечимдери менен кошо берилген.

Китептеги маселелер орто жана жогорку татаалдыктардагы маселер болгондуктан олимпиадага катышам деген мектеп окуучуларына, орто жана жогорку окуу жайлардын студенттерине арналган.

Эгерде туура көрсөңүздөр ушул китепти басмадан чыгарууга МИТФнин окумуштуулар кеңешине сунуштоону колдоп берүүңүздөрдү суранып кетер элек.

Кафедранын мүчөлөрү китеп учурдун талабына ылайык келгендигин, мектеп окутуучулары үчүн мындай материалдар жетишсиз экендигин баса белгилөө менен МИТФнын окумуштуулар кеңешине басмадан чыгарууга сунуштоого макул болушту.

Чыгып сүйлөгөн окутуучулар ф.-м.и.к., доценттер, У. Сактанов жана Б. Кочконбаева, улук окуутуучулар Г.С. Абдугулова, Т.С. Тажикбаева ж.б. бул пикирге кошула тургандыгын билдиришти жана бир добуштан колдошту.

Кеңешме коюлган маселени талкуулап, **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

ИСП кафедрасынын доценти Н.К. Аркабаев жана авторлоштор И.Б. Кошмурзаев, К.А. Урайымов, А.З. Пирматовдор тарабынан иштелип чыккан "Информатика боюнча олимпиадалык маселелер чечимдери" китебин басмадан чыгаруу МИТФнын Окумуштуулар Кеңешине сунушталсын.

**2)** ИСП кафедрасынан Асанов Бектур Үсөнович "Разработка численного метода решения прямой и обратной задачи уравнения влагопереноса оползней методом интегрального уравнения Вольтерра" ("Вольтерра интегралдык теңдеме ыкмасын колдонуу менен жер көчкүнүн ным берүү теңдемесинин түз жана тескери маселелерин чыгаруунун сандык ыкмасын иштеп чыгуу") деген темадагы кандидаттык диссертациясынын темасын, илимий жетекчисин бекитүү жана аспирантурага тапшырууга сунуштоо.

Угулду:

А. Токторбаев (кафедра башчысы, доцент): ИСП кафедрасынан Б.Ү.Асанов "05.13.18 – математикалык моделдештирүү, сандык методдор жана программалар комплекси" адистиги боюнча Ош МУнун аспирантурасына тапшырууга сунушталып жатат. Бул диссертациялык жумушка илимий жетекчи болууга ф.-м.и.д., профессор А.Сатыбаев макулдугун берген. Бул иштин актуалдуулугун эске алып, Б.Ү. Асановду "Разработка численных методов решения прямой и обратной задачи электрической активности сердца" ("Жүрөктүн электрдик активдүүлүгүнүн түз жана тескери маселелерин чечүүнүн сандык методдорун иштеп чыгуу") деген темадагы кандидаттык диссертациясынын темасын жана диссертациялык жумушка илимий жетекчи катары ф-м.и.д., профессор А.Сатыбаевди бекитип берүү, ошону менен бирге аны аспирантурага тапшырууга жолдомо берүүгө сунуштайм жана сиздер да колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Аркабаев Н. К. (кафедранын доценти): Бектур Асанов, ОшМУда үзүрлүү эмгектенип келе жатат жана Бектурдун аспирантурада окуп мындан да мыкты илимий жетишкендиктерге ээ болушуна ишенем. Ошону менен бирге мен дагы Б.Асановду аспирантурага тапшырууга жолдомо берүүгө сунуштайм.

Кафедра мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту.

Кеңешме коюлган маселени талкуулап, **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. ИСП кафедрасынан Б.Ү. Асанов "05.13.18 – математикалык моделдештирүү, сандык методдор жана программалар комплекси" адистиги боюнча Ош МУнун аспирантурасына тапшырууга сунушталсын;

2. ИСП кафедрасынан Б.Ү. Асановдун "05.13.18 – математикалык моделдештирүү, сандык методдор жана программалар комплекси" адистиги боюнча "Разработка численных методов решения прямой и обратной задачи электрической активности сердца" ("Жүрөктүн электрдик активдүүлүгүнүн түз жана тескери

маселелерин чечүүнүн сандык методдорун иштеп чыгуу”) аттуу илимий темасын жана илимий жетекчи катары ф.-м.и.д., профессор А.Сатыбаевди бекитүү маселеси ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Кеңешменин төрагасы А.М. Токторбаев

Катчы Ж.Э. Токтомуратова